Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат

Жамааттык ЖМКлардын Бирлиги

ТЕКШЕРДИМ!

Internews в Кыргызстане

# Акмат менен Ташматтын күндөлүктөрү

Сценарийдин автору
Эльмира Токтогулова, медиаэксперт.

Кенешчи
Римма Султанова - гендердик эксперт




**Кымбаттуу достор!**
Бул Акмат жана Ташмат. Алар эң жакын достордон - айылдын карапайым жигиттери: Акмат сабырдуу, окууга абдан жеңил, токтоо, эстүү, ал эми досу Ташмат абдан эмоционалдуу, ишенчээк жана ушундан улам кызыктуу жагдайларга көп кабылат. Айдана алардын кошунасы жана досу, ал сезимтал, ар дайым жардам берүүгө даяр. Апаке - бул Акматтын акылман, тажрыйбалуу апасы, пенсиядагы дарыгер. Апаке да окуяларда маанилүү ролду ойнойт. Ал эми Майрам менен Сайра – Акмат менен Ташматтын жубайлары.

7 сериядан турган комиксте айыл турмушун чагылдырган башка каармандар да пайда болот. Келгиле, алар менен чогуу биз медиа жана маалыматтык сабаттуулукту жогорулатуу жолунда кызыктуу окуялардан өтүп, сабаттуу болууга үйрөнөбүз!

# 5-серия: Бурул-2, Бурул-3... Төрөлө электе эле ата-энеси каалабаган кыздар


**КЕЧ. ТАШМАТТЫН КОРООСУ.** ДАСТОРКОН ЖАЙЫЛЫП, КОШУНАЛАР, ТУУГАНДАР ЧОГУЛГАН. БҮГҮН ТАШМАТТЫН ЖУБАЙЫ ТӨРӨТКАНАДАН ЧЫККАН КҮН – **КЫЗДУУ БОЛУШКАН.**




АШКАНА. АЙЫМДАР ТАМАК КАМДАП, ЖАЙ СҮЙЛӨШҮП ЖАТЫШАТ.




КЕЧЭЭ КЫЗЫМА КЛАССТАШ БАЛА ТИЙИШИП, ЧАЧЫН ТАРТЫПТЫР.
КӨРДҮҢБҮ, КЫЗДАР АЛСЫЗ БОЛОТ. ОШОН ҮЧҮН КУДАЙДАН УУЛ СУРАГАМ...
ТАҢ. АКМАТ МЕНЕН ТАШМАТ ЖУМУШКА КЕТИП ЖАТЫШАТ. ТАШМАТТЫН КӨҢҮЛҮ СУЗ.
ТОКТОП ТУРЧУ, АЯГЫНА ЧЕЙИН УКСАҢ.
КЫЗЫМ БОЛСО БҮТ КЛАССКА «СЕН МАГА АШЫКСЫҢ, ОШОН ҮЧҮН ТИЙИШИП ЖАТАСЫҢ!» — ДЕП КЫЙКЫРЫПТЫР. БААРЫ КҮЛҮП, АНАН ТИГИ БАЛА ТЫНЧЫП КАЛГАН ЭКЕН.
МЕНИ БААРЫ ШЫЛДЫҢДАП БҮТҮШТҮ, ТАЖАДЫМ — ТАМАШАЛАРЫ, СӨЗДӨРҮ БААРЫ ЭЛЕ КЫЗЫМ ЖӨНҮНДӨ.
ИНИМ, КЫЗЫҢ МЕНЕН ЖУБАЙЫҢ ҮЧҮН СЕН ЖАЛГЫЗ КОРГООЧУСУҢ. БАШКАЛАРДАН ЭМЕС, ӨЗҮҢДӨН БАШТАП СЫЙЛА.
МЕН ЭМНЕГЕ ӨЗ КЫЗЫМДАН УЯЛЫП, АЯЛЫМДЫ КҮНӨӨЛӨП ЖҮРӨМ? АЛАР МЕН ҮЧҮН ЭҢ КЫМБАТ АДАМДАР ГО!
БАШЫҢА МҮШКҮЛ КҮН КЕЛСЕ, БИРИНЧИ ЖАРДАМГА КЕЛЕ ТУРГАН — ОШОЛОР. АЛАР — ҮЙ-БҮЛӨҢ.
САЙРАШ, ЖАНЫМ! КЕЧИРЧИ МЕНИ. КЕЧИНДЕ БЕЛЕК МЕНЕН КЕЛЕМ!
КЫЗЫҢДЫН КЕЛЕЧЕГИ — СЕН АГА КАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛААРЫҢДАН КӨЗ КАРАНДЫ.
ТУУРА АЙТАСЫҢ. АР ДАЙЫМ ЖАНЫНДА БОЛО АЛБАЙМ. БИРОК АНЫ КҮЧТҮҮ, ИШЕНИМДҮҮ АДАМ КЫЛЫП ЧОҢОЙТУП, КОЛДОП ТУРУШУМ КЕРЕК.


АЙДАНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАГЫ БАРАКЧАСЫНА КЫЗ-КЕЛИНДЕРГЕ КАРАТА МАМИЛЕ ТУУРАЛУУ ОЙЛОРУН БӨЛҮШӨТ
АДАМЗАТ КОСМОСТУ БАГЫНТЫП, ИЛИМ МЕНЕН ТЕХНОЛОГИЯДА ЗОР ЖЕТИШКЕНДИКТЕРГЕ ЖЕТИП ЖАТАТ. А КЭЭ БИРӨӨЛӨРДҮН АҢ-СЕЗИМИ АЛИ ҮҢКҮР ЗАМАНДАГЫДАЙ КАЛЫП КАЛГАНСЫЙТ.
УУЛ ГАНА КЕРЕК ДЕГЕНДЕР – ӨЗҮҢӨРДҮ АЯЛ ТӨРӨГӨНҮН УНУТПАДЫҢАРБЫ? АЯЛДЫН ОРДУ – АШКАНАДА ГАНА ДЕП АЙТКАНДА, АНЫН ДА АДАМ ЭКЕНИ, КЫЯЛЫ, МАКСАТЫ, УКУГУ БАР ЭКЕНИН ОЙЛОБОЙ КАЛЫШАТ.
Бурул, Жаңыл, Уулжан сыяктуу аттарды алып, ата-энеси кыз экенине капа болгонуна ымыркай кезинен күбө болгон кыздар бар. Мындай абал менен чоңойуу – адам үчүн кандай оор экенин элестетүү кыйын.
ЖАРЫЯЛОО
almazbek626
Бизде аялды урматтоо салтта бар!
altysha1997
Туура! Кызымды эч кимге кор кылбайм!
sancho_k_
Көп сүйлөбөй, чай коюп кел!
kurmanbek_official
Феминисттер салтыбызды бузуп жатышат!

ТАШМАТТЫН КОРООСУ. КЕЧ КИРИП, ДАСТОРКОН ЖАЙЫЛГАН. ЖЫЛУУ МААНАЙ, КҮЛКҮ АРАЛАШ СҮЙЛӨШҮҮЛӨР.



**Билдирүү:** Гендердик дискриминация – бул жөн гана адилетсиздик эмес, бул коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон олуттуу көйгөй. Маданият, дин же салт-санаа эч качан дискриминацияны, зомбулукту жана жек көрүү тилин актай албайт. Биз жашап жаткан дүйнө кандай болору ар бирибиздин мамилебизге жана аракетибизге байланыштуу. Ар бир адам өз мүмкүнчүлүгүн толук ишке ашыра алган коопсуз жана урмат-сыйга негизделген коомду бирге куралы.

**Гендердик стереотиптерди жана жек көрүү тилин колдонуу менен байланышкан кесепеттер**
**Жабыркагандар үчүн:**
- Психологиялык жаракаттар (депрессия, посттравмалык стресстик бузулуу, өзүн төмөн баалоо).
- Коомдон обочолонуу, өзүн-өзү чектөө, коомдук турмушка активдүү катышуудан баш тартуу.
- Экономикалык жоготуулар (куугунтуктоо жана басмырлоодон улам жумуштан айрылуу, каржылык абалдын начарлашы).

**Коом үчүн:**
- Кыз-келиндерге карата зомбулук көнүмүш көрүнүшкө айланат, гендердик стереотиптер жана дискриминация күчөйт.
- Аялдардын саясий, экономикалык жана маданий турмушка катышуусу төмөндөйт.
- Радикалдашуу жана экстремизмдин күч алышы.
- Демократиялык баалуулуктардын жана адам укуктарынын бузулушу.
- Коом ичиндеги ишенимдин жана биримдиктин солгундай түшүшү.

**Интернет-платформалар жана маалымат каражаттары үчүн:**
- Репутациялык тобокелдиктер.
- Мыйзамсыз мазмунду жайылтканы үчүн укуктук жоопкерчилик.
- Колдонуучулардын ишенимин жоготуу.
- Жарнама жайгаштыруу жана анын натыйжалуулугу төмөндөйт.

## Рекомендациялар

**Зомбулуктун курмандыктары үчүн:**
Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандар жардам алуу үчүн төмөнкү мекемелерге кайрыла алышат: ички иштер органдарына, социалдык өнүгүү кызматтарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, саламаттыкты сактоо мекемелерине жана аялдарга жардам көрсөткөн кризистик борборлорго.

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлиги үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандарга жардам көрсөтүү максатында 117 номериндеги социалдык коргоо боюнча маалыматтык-кеңеш берүүчү телефон линиясын ишке киргизген. Бул – жабырлануучуларга колдоо көрсөтүүдөгү эң маанилүү чаралардын бири.
Өзүңүз баштан өткөргөн окуя үчүн өзүңүздү күнөөлөбөңүз. Коопсуздугуңузга кам көрүңүз жана өзүңүздү жана балдарыңызды коргоо үчүн зарыл чараларды көрүңүз.

**Коом үчүн:**
Адамдардын жынысына карабастан, бири-бирине урмат менен мамиле кылууга тарбиялоо. Зомбулуктун бардык түрүн ачык айыптоо.

Жек көрүү тилине тыюу салууга, зомбулуктун курмандыктарын коргоого жана зомбулук көрсөткөндөрдү жоопко тартууга багытталган мыйзамдык демилгелерди колдоо.

**Бул басылма Internews ишке ашырып жаткан «Анык окуялар аркылуу аудиториянын туруктуулугун жогорулатуу» (CARAVAN) долбоорунун алкагында Европа Биримдиги тарабынан каржыланат. Анын мазмуну үчүн Жамааттык Медиа гана жоопкерчиликтүү жана ал Европа Биримдигинин жана Интерньюстун көз карашын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.**